*Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 64-71-статияларынын негизинде аталган жеке эмгекчилердин социалдык жана укуктук гарантияларын бекемдөө максатында 2022-2024-жылдарга түзүлгөн үч жылдык келишим.*

***<u>Келишим</u>***

***1.Мектептин директору милдеттенет***

- Республикалык жана жергиликтүү бюджеттен мектепке каралган финансы каражаттарынын толугу менен билдирүүгө аракеттенүү.
- Курска бара турган мугалимдерге акча бөлдүрүп берүү.Нарын райондук Били берүү бөлүмүнүн бухгалтериясынан
- Республикалык,областык масштабда окуучулар арасында өткөрүлүүчү иш чараларга каражаттарды табуу. (ата-энелер,демөөрчүлөр)
- Эмгек жамаатынын турмуш деңгээлин төмөндөтүүгө дуушар кылуучу жергиликтүү органдардын чечимдерин колдобоо жана токтотууга сунуш берүү.
- Мугалимдердин статусунун негизинде педагогдордун социалдык укугун коргоо маселесин көзөмөлгө алуу.
- Эмгек жамаатына өз мезгилинде эмгек маянасын жана тийиштүү акча кошумчаларынын төлөнүүсүн көзөмөлгө алуу.
- Педагогдордун кесибине мүнөздүү эмес акы төлөнбөгөн жумуштарга пайдаланууга жол бербөө.Айыл аймагындагы коомдук иштерден сырткары.
- Эмгек маянасынан мыйзамга каршы болгон туура эмес акча кармоого жол бербөө(жазуу түрүндө макулдугу болбосо).
- Эмгек акысын төлөө боюнча жана мугалимдердин соц.экономикалык абалы боюнча жогору жактан киргизилген өзгөрүү маалыматын активдүү түрдө эмгек жамаатына жеткирүү.
- Жергиликтүү балдардын эс алуу жайларына мектептин окуучуларынын баруусун камсыз кылуу.
- Социалдык камсыздоо эмгек акылардын нормативдери боюнча ага кошумча төлөөлөр жөнүндөгү өтүлүүчү семинарларга катышуу.
- Мектепте эмгек жамаатынын окуучулардын ден соолугун сактоо жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча кам көрүү.
- Эмгек китепчелерин туура толтуруу боюнча көзөмөл жүргүзүү.
- Жаш мугалимдерге көмөкчү чарбаны өнүктүрүүгө,там салуу багытында кредит алууга жардам берүү.
- Мугалимдерди аттестациялоо боюнча атайын жобого ылайык иш жүргүзүү.

- Алдынкы педагогикалык ишмердүүлүгүн көрсөтө алган мугалимдерди сыйлыкка көрсөтүү.

*2. Миң-Булак айыл өкмөт башчысы миллдеттенет:*

- Айыл кеңешинин депутаттарынын сессиясында Улуттук «Билим» программасынын ишке ашырылышы боюнча тиешелүү комиссиянын отчетун алуу.
- Мектептин эмгек жамааты менен тыгыз байланышта болуу менен бирге райондук,облустук масштабда «Мугалимдин статусу» жана «Билим тууралуу» мыйзамдын чегинде педагогдордун социалдык укук коргоосу жөнүндө талап коюу.
- Окуу-тарбия процессинде мектепте өткөрүлүүчү иш чараларга финансылык, материалдык колдоо көрсөтүү.
- Мугалим кызматчыларды социалдык жактан коргоо алардын турмуш тиричилигин жакшыртуу максатында мугалимдер статусун 11-статьясына мүмкүнчүлүккө жараша айдоо жана жыюу учурунда техникалардан жеңилдетилген түрдө жардам берүү.
- Турмушу начар,жалгыз бой,коп балалуу мугалим кызматчыларга эгин,отун жана көмүрдөн жардам берүү аракетин жүргүзүү.
- Мугалимдердин статусунун негизинде жакшы иштеген мугалимдерге өзүнчө сыйлыктарды уюштуруу жана окуу жылынын жыйынтыгы менен «Эң жакшы»окуган окуучуларга кызыктыруучу сыйлыктарды уюштурууга.

*3.Мектептин профсоюз уюму милдеттенет:*

- Жумушчу кызматчылардын эмгектерин коргоого,аларга социалдык экономикалык жеңилдиктерди берүүгө жетишүү.
- Алардын мыйзамдуу укуктарын коргоого өз учурунда жетишүү.
- Жумушчу кызматчылардын дайыма эмгек маяналарын көбөйтүү,оор жана эмгек шарттары зыяндуу жерде иштеген жумушчулардын шартына жеңилдик берүүгө о.э. тиешелүү жерлерге маселелерди коюуга катышуу.
- Мугалимдердин статусу жөнүндөгү законго ылайык мугалимдердин соц.жана укуктук корголушун көзөмөлгө алуу.
- Администрациясынын мугалимдердин макулдугу жок эмгек акы төлөнбөөчү отпускага чыгарып коюшун контролго алуу жана ага жол бербөө.

- Кошумча акы төлөбөй туруп мугалимдердин жана жумушчулардын өз функциясынан сырткары жумушта иштөөсүн контролдоо.
- Жазуу түрүндө макулдугу жок закондун чегинен сырткары эмгек маянасын кармоо фактыларын көзөмөлгө алуу.
- Жылына курорт, эс алуу үйлөрүнө мектептин мугалимдерин эс алып,дарыланып келүүсүнө жетишүү.
- Республика ,райондогу балдар эс алуу жайына жылына мугалимдердин балдарын эс алдырып турууга жетишүү.
- Мектепте эмгектин туура жана коопсуз шарттарын камсыз кылуу.
- Мектепте мугалимдер үчүн эс алуу компаниясын түзүүгө жетишүү.
- Мугалимдердин укугун жокко чыгарган законсуз администрациянын буйрук чечимдерин мыйзам чегинде өзгөртүүгө жетишүү.
- Маданий-массалык иштерди өткөрүү боюнча райондук профсоюз комитетинин акча каражаттарын өз убагында бөлдүрүп турууга жетишүү.
- Турмуш шарттары жетишсиз көп балалууларга профсоюз тарабынан материалдык жардамдарды берүү аракетин жүргүзүү.

### *4.Жамааттык келишимдин аткарылышы жана жамааттардын жоопкерчилиги:*

- Жамааттар бул келишимди эмгектик жана социалдык -экономикалык мамилелерди жөнгө салуу үчүн түзүлгөн ченемдик акт катары көрүүгө тийиш.
- Жамааттар түзүлгөн келишимди өз карамагына ылайык жоопкерчиликтерин сезүүгө тийиш.
- Жамааттык келишимдин күчү түзүлүп,кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.
- Эгерде келишимде кандайдыр өзгөртүү кошумчалар болсо,тараптардын макулдугу менен жүргүзүлөт.
- Келишимдин аткарылышы жөнүндөгү жыйналыш жылына бир жолу угулат.

Миң-Булак айыл округунун башчысы________К.Кулайбергенов

Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинин директору________А.Нааматова

Мектептин кесиптик уюмунун төрайымы________Ж.Түлөбердиева

**Эмгек акы төлөө жана эмгек мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жана эмгекти коргоо боюнча комиссиянын иш планы**

| № | Иш-чаранын мазмуну | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Комиссиянын мүчөлүрүнө иш бөлүштүрүү . План түзүү | сентябрь | Эмгек акыны төлөө жана эмгек мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жана эмгекти коргоо боюнча комиссия |
| 2 | Мугалимдердин тарификациялык иштерине сааттардын туура бөлүшүшүнө катышуу | сентябрь | |
| 3 | Эмгекти коргоо мыйзамынын аткарылышын көзөмөлдөө | дайыма | |
| 4 | «Эмгек кодекси» аңгемелешүү | октябрь | |
| 5 | Мектепте техникалык-коопсуздук эрежелеринин сакталышын көзөмөлгө алуу жана эвакуациялоо планын көзөмөлдөө | дайыма | |
| 6 | Эмгек келишиминин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү | дайыма | |
| 7 | Өтр коопсуздугу боюнча инвентарлар менен камсыз кылууга шарт түзүү | дайыма | |
| 8 | Мектеп мугалимдери, кабинет башчылары менентехникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча окуу өткөрүү | Жылына эки жолу | |
| 9 | Кыш мезгилинде жылуулуктун сакталышына көзөмөл жүргүзүү | учурунда | |
| 10 | Мектепте буйрук,өздүк делолордун толтурулушун, эмгек китепченин сакталышын көзөмөлдөө, туура толтурулушун кароо | учурунда | |
| 11 | Эмгек акынын төлөнүшү боюнча маалымат берүү. Тегерек стол. | апрель | |